**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

***Тема:*** **Мамлекеттик тил майрамына карата өткөрүлгөн**

**“Кыргызстан-менин жерим,кыргыз тили менин тилим” аттуу сабак-викторина**

## Мугалим: Болотканова Ч.Ж.

## 2019-2020-окуу жылы

Класс:8В

Өткөрүү мөөнөтү: 23-сентябрь

Сабактын темасы:Кыргызстан менин жерим- кыргыз тили-менин тилим.

Сабак-викторинанын максаты:

- Билим берүүчүлүк: Кыргыз тили –эң байыркы,эң бай тилдердин бири экендигин түшүндүрүү.
- Тарбиялык: Эне тилди сүйүүгө ,аны урматтоого тарбиялоо.
- Өнүктүрүүчүлүк: Кыргыз тили улуттук сыймык экенин түшүндүрүү.окуучуларды туура сүйлөөгө.өз оюн эркин айта билүүгө көнүктүрүү.

Сабактын формасы: Сабак-викторина.

Сабактын жүрүшү:А) Саламдашуу . сабактын темасын .максатын айтуу.

Б)Гимди ырдатуу.

В) Викторина

Мугалим: Балдар,23-сентябрь кандай майрам эле?

Окуучулардын жообун угуу.

Ооба,1991-жылы СССРдин кыйрашы ,союздук республикалардын өзүнчө башкарууга өтүшүнө шарт түзүп ,ар бири өздөрүнүни көз карандысыздыгын жарыялай башташты.1991-жылы 31-августта Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жарыяланган.Ал эми 1989-жылы 23- сентябрда кыргыз тили мамлекеттик тил болуп жарыланган.

Кыргыз тилибиз байыркы тилдердин бири болгондуктан ,түрк тилдеринин тобуна кирет.

Кыргызым тоодо жүрүп,тоодо өскөн.

Кыргызстан!Кыргызым менин өлкөм.

Кыйылып баратса да жан дүйнөсү,

Кыргызым эне тилин ыйык көргөн.

деп акындарыбыз айткандай ,эне тил-бул биздин ыйык дөөлөтүбүз.Эне тил деген сөз эки ыйык сөздөн турат.Эне-адамдын ыйыгы,үй-бүлө куту. Тил-бул улуттун улут экендигин көрсөтүп турган ыйык белги .Ата бабаларыбыз бул тилде “ Манас”эпосун жараткан.тилинде мөөрү бар нечендеген ак тандай акындар ,ырчылар,чечен төкмөлөр чыккан.

Мугалим: Балдар,азыр силер суроолорго жооп берүү менен 3 топко бөлүнөсүңөр:

1. Кыргыздардын байыркы мекени кайсы жер эле?
2. Кыргыздардын тукумун Бугу-эне Эне-Сайдан кайсы жерге алып келди эле?

3. Азыркы учурдагы кыргыз элинин мекени кайсы жер эле?

**Эне-сай Ысык-Көл Кыргызстан**

**Мугалим: Викторинабыз 3 баскычтан турат:**

**1. Кыргыз тили боюнча суроолор.**

А)Кыргыз алфавитинде канча тамга бар?

Б)Кыргыз тилинде көптүк сан кайсы мүчөлөрдүн жардамы менен түзүлөт?

В) Кыргыз тилинде канча жөндөмө бар?

Г)Кимдин? Эмненин? деген суроо кайсы жөндөмөнүн суроосу

Д)Этиштин канча чагы бар?

Е)Сүйлөмдөр айтылыш максатына карай канчага бөлүнүшөт?

Е) Сүйлөм мүчөлөрү кандай болуп бөлүнүшөт?

Ж) Баш мүчөлөрдү атагыла.

З) Айкындооч мүчөлөрдү атагыла.

К) Кыргыз тилинде –чы мүчөсү уланган сөздөр эмнени билдирет?

Азаматсыңар,балдар,эми упайларды санайлык .

**Эне-Сай Ысык-Көл Кыргызстан**

**2- баскыч**

**Кыргыз адабияты боюнча суроолор**

А) Орустардын Пушкини,а кыргыздардыкы ким?

Б)Ч.Айтматовдун чыгармасында кездешкен жомоктор?

В) “ Эне тилин билбеген- эси жогун аныктайт,

Эне тилин сүйбөгөн-элин сүйүп жарытпайт”

Бул ыр саптары кайсы акыныбызга таандык?

Г)” Биринчи мугалим” чыгармасындагы башкы каармандын аты ким эле?

Д)” Кожожаш”эпосу кандай эпос?

Е)” Жылуу кийин ,жолуң кыйын үшүүрсүң....”бул ыр саптар кимге тааандык?

Е) “ Манас ”эпосу кайсы критерийдин жыйынтыгы боюнча Гиннестин рекорддор китебине кирген?

Ж) “ Манас ”эпосу канча ыр саптан турат?

З)Залкар манасчылар кимдер?

К)Семетей Таласка канча жашында кайтып келет?

Азаматсыңар,балдар,эми упайларды санайлык.

3 баскыч

Ар кандай кызыктуу суроолор.

А) Кыргыз эли август айынын акыркы күндөрүндө кайсы майрамды белгилейт?

Б) биздин мамлекетибиздин негизги мыйзамы эмне эле?

В) Кыргызстан кайсы мамлекеттер менен чектешет?

Г) Жакшы кабарды эмне деп коебуз?

Д) Баалуу тилекти эмне деп айтабыз?

Е) Кыргыздардын  маданий мурасы эмне?

Е) Апаңдын атасы сага ким болот?

Ж) Эркек баланын кыз бөбөгү?

З) Бээнин сүтүнөн эмне жасалат?

К) Иттики – күчүк болот,эчкиники эмне болот?

Азаматсыңар,эми калыстарга сөз берели.

Эне-Сай Ысык-Көл Кыргызстан

Жыйынтыктоо: Балдар,ушуну менен биз бүгүнкү викторинаны аяктайбыз ,азаматсыңар!

Силер бүгүн суроолорго жооп берүү менен биздин тилибизди,дилибизди өнүктүрүүгө,өстүрүүгө өз  салымыңарды коштуңар